| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ** | | **МИНИСТЕРСТВО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2023-жылдын 24-апрели № 137 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-2024-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы № 180 “2021-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 8-августундагы № 153 "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15 ноябрында № 257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобону жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-2024-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планы (мындан ары - План) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук бөлүнүштөрүнүн жетекчилери Планды белгиленген мөөнөттө талаптагыдай аткаруу боюнча бардык зарыл чараларды көрүшсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча сектору квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 10уна чейин Планды аткаруу жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Коррупцияга каршы иштиктүү кеңешке жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жиберсин.

4. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин басма сөз кызматы Планды Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин ведомстволук сайтына жайгаштырсын.

5. Ушул буйруктун аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук бөлүнүштөрүнүн жетекчилерине жүктөлсүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

6. Документтик камсыздоо жана контролдоо бөлүмү ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жеткирсин.

7. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Министр** **Т.О. Иманов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН